Кыргыз Республикасынын
Мамлекеттик кадр кызматынын
2014-жылдын 30-июнундагы № 92-
буйругу менен бекитилди

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасына мониторинг жүргүзүү тартиби жөнүндө методикалык колдонмо

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасына мониторинг жүргүзүү методикасы (мындан ары – Методика) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-июлундагы №162-«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өркүндөтүү маселелери жөнүндө» Жарлыгын аткаруу максатынын чегинде иштелип чыкты.

2. Окутуу системасынын мониторинги эки процессти байкоого багытталган:

1) 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өнүктүрүүнүн программасын жүзөгө ашыруу;

2) мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууга жылдык Мамлекеттик заказды (мындан ары – Мамзаказ) аткаруу.

3. Бул процесстердин мониторинги бир катар тийиштүү индикаторлорду колдонуу аркылуу ишке ашырылат. Окутууга жылдык Мамлекеттик заказды аткарууга мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары окутуунун натыйжалуулугун баалоо үчүн колдонулат.

4. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматында (мындан ары – МКК) кызматкерлерди окутуу маселелери боюнча бөлүм окутуу системасына мониторинг жүргүзөт. Айрым учурларда көз карандысыз мониторинг жүргүзүү максатында МКК башка уюмдарды тартууга укуктуу, алар менен тийиштүү келишимдер түзүлөт.

5. Мониторинг боюнча иштер мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ББУ, илимий, эксперттик-аналитикалык, өкмөттүк эмес жана коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенүүдө өткөрүлөт.

6. Окутуу системасынын мониторинги бир нече этап менен өткөрүлөт:

1) Маалыматтарды чогултуу.

2) Маалыматтарды изилдөө.
3) Отчеттук материалдарды жана сунуштарды даярдоо.

## 2. Окутуу системасынын өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүү

7. Окутуу системасынын өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүү 2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу системасын өнүктүрүүнүн программасынын маселелерин чечүүгө байкоо жүргүзүүгө багытталган. Мониторинг бир жылдын ичинде жүргүзүлөт жана тийиштүү отчетту даярдоо жана МККнын жетекчилигине тапшыруу менен аяктайт.

8. Программанын маселелери боюнча индикаторлордун өлчөмүн аныктоо үчүн керектүү маалымат ушул Методикалык колдонмонун 1-тиркемесине ылайык ар түрдүү булактардан чогултулат.

Маалыматтардын булактары:

- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ведомстволук документтери;
- окутууга байланыштуу документтер (окуу программалары жана пландары, сабактарга барууну эсепке алуу журналы, ошондой эле жоболор, нускамалар ж.б.);
- мамлекеттик жана ведомстволук статистиканын маалыматтары;
- басылып чыгарылган жана электрондук форматтагы ар түрдүү басылмалар.

Маалыматтарды чогултуу үчүн төмөнкү ыкмалар колдонулат:

- мамлекеттик органдардын жана ББУдын документтерин, отчетторун жана башка маалыматтарын расмий түрдө талап кылуу жана алуу;
- мамлекеттик органдардын жана ББУдын документтерин, отчетторун жана башка маалыматтарын изилдөө;
- мамлекеттик жана ведомстволук статистиканын маалыматтарын изилдөө.

9. Чогултулган маалыматтар иштелип чыгып, Программага мониторинг жүргүзүүнүн индикаторлорунун мааниси аныкталат. Программаны жүзөгө ашырууга мониторингдин индикаторлорунун мааниси Программанын ар бир маселеси боюнча каралган жана ишке ашырылган аракеттердин же фактылардын санын же аталыштарын белгилөө жолу менен өзүнчө аныкталат. Алынган натыйжаларды түшүндүрүү жана маанисин ачуу менен, аныкталган индикаторлорду баяндап талдоо жүргүзүү түрүндө көрсөтүү керек.

10. Программаны жүзөгө ашырууга мониторингдин натыйжалары талдоо документ (отчет же баян) түрүндө көрсөтүлөт. Отчеттук документтин форматы, көлөмү жана структурасы мониторингдин тапшырмалары менен аныкталат. Окутуу системасынын өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүүнүн материалдары системалаштырылат жана алардын негизинде тийиштүү маалыматтык базаны түзүү үчүн МККда сакталат.

## 3. Окутууга Мамлекеттик заказдын аткарылышына жыл сайын мониторинг жүргүзүү

11. Окутууга Мамлекеттик заказдын аткарылышына жыл сайын мониторинг жүргүзүү окутууга жылдык Мамлекеттик заказды жүзөгө ашыруунун негизги кырдаалдарын байкоого багытталган. Мониторинг жыл бою жүргүзүлөт, жылдын ичинде ар бир квартал сайын отчет түзүлүп, МКНын жетекчилигине тапшырылат.

12. Маалыматтарды чогултуу этабы. Мониторингдин индикаторлорунун өлчөмүн аныктоо үчүн зарыл болгон маалымат ушул Методикалык колдонмонун 2-тиркемесине ылайык чогултулат.

Окутууга Мамлекеттик заказга мониторинг жүргүзүү үчүн маалыматтардын негизги булактары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) ушул Методикалык колдонмонун 3- жана 4-тиркемелерине ылайык ББУдын окутуу курстарын өткөргөндүгү жөнүндө отчеттору;
2) мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадр кызматтарынын окутуу курстарынан өткөн кызматчыларды окутуунун натыйжалуулугун баалоо жөнүндө маалыматтары.

Окутуу курстары аяктаган сайын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадр кызматтары ушул Методикалык колдонмонун 5-тиркемесине ылайык кызматчынын окутуунун

натыйжалуулугун баалоо формасы боюнча маалыматты МККга тапшырышат.

13. Маалыматтардын булактары:

- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ведомстволук документтери;
- окутууга байланыштуу документтер (окуу программалары жана пландары, сабактарга барууну эсепке алуу журналы, ошондой эле жоболор, нускамалар ж.б.);

Мониторингдин маалыматтарын чогултуу үчүн төмөнкү ыкмалар колдонулат:

- мамлекеттик органдардын жана ББУдын документтерин, отчетторун жана башка маалыматтарын расмий талап кылуу жана алуу;
- мамлекеттик органдардын жана ББУдын документтерин, отчетторун жана башка маалыматтарын изилдөө;
- окутуу курстарынын өткөрүлүшүнө текшерүү жүргүзүүнүн натыйжалары;
- окутуу курстарынын угуучуларына, окутуучуларына, окутууну уюштуруучуларына, адистерге жана жетекчилерге сурап-билүү жүргүзүүнүн, окутуу курсунун башталышында жана аягында окучууларды тестирлөөнүн натыйжаларын изилдөө.

14. Маалыматтарды чогултуу процессинде пайда болгон суроолор боюнча аларды талкуулоо жана түшүндүрүү боюнча ар түрдүү жолугушуулар өткөрүлүшү мүмкүн.

Мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана ББУга барганда, мониторингди жүргүзгөн адамдар жетекчичиликти мониторингдин максаттары жана милдеттери менен тааныштырышат, мониторинг жүргүзүүгө байланыштуу уюштуруучулук маселелерди чечишет.

15. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана ББУдын жетекчилери мониторинг жүргүзгөн адамдарга керектүү документтерди жана материалдарды берип, көмөк көрсөтүүгө милдеттүү, анын ичинде:

- имаратка жана окуу аудиторияларга эркин кирүү мүмкүнчүлүгү, мониторинг жүргүзүү үчүн керектүү документация менен пайдалануу;
- оозеки жана жазуу жүзүндөгү керектүү маалыматты алуу;
- мониторинг жүргүзүү үчүн керек болгон орун-жайды берүү жана башка шарттар менен камсыз кылуу.

Эгерде мониторингден баш тартылса, анда мониторинг жүргүзүүчүлөр мониторинг жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу фактылары жөнүндө акт түзүшөт.

16. Маалыматтарды изилдөө этабы. Чогултулган маалыматтар индикаторлорду эсептөө жана андан ары аларды талдоо үчүн иштелип чыгышат.

Бул этаптагы иштерди аткарууда төмөнкүлөрдү жетекчиликке алуу зарыл:

> 1) Иштин башталышында маалыматтардын алгачкы иштелип чыгышы аткарылат жана төмөнкү маселелер чечилет:

- алгачкы маалыматтарды маалыматтардын системалаштырылган тобуна айландыруу;
- алгачкы маалыматтарда каталарды, кемчиликтерди жана калтырып кетүүлөрдү табуу жана жоюу;
- чогултулган маалыматтардын аныктык, ишенимдүүлүк жана тактык деңгээлин аныктоо.

2) Мониторингдин индикаторлорунун бөлүктөрүнүн сандык өлчөмүн аныктоо үчүн агрегация ыкмасынын колдонулушун талап кылат.

Мисалы, «Окутулгандардын жалпы саны» өңдүү индикатор – квалификациясын жогорулатуунун жана кайра даярдоонун баардык тематикалар боюнча окутулган адамдардын санын кошуу жолу менен эсептелет. Тийиштүү түрдө «Мамзаказ боюнча каражаттардын жалпы көлөмү», «Мамзаказды аткарган уюмдардын саны» ж.б. индикаторлордун мааниси эсептелип чыгат.

Аларды агрегациялоого чейин, баалоонун ар башка деңгээлдеринин пайыздык үлүшүн же жооптордун көптүгүн аныктоо керек. Айрым учурларда бул кандайдыр бир маанилердин суммасын алардын санына бөлүү жолу менен  орточо арифметикалык санды эсептөөгө байланыштуу болот.

Мисалы, «Окутуунун сапатына канааттандырарлык» индикатордун өлчөмүн аныктоо үчүн, ББУдын окутуу курстарын өткөргөндүгү жөнүндө отчетторунун негизинде:

- бир тематика боюнча баардык топтордун орточо арифметикалык баалар аныкталат. Ошентип кайра даярдоо программанын ар бир тематикасы боюнча окутуу пайда алып келгендиги менен канааттанууга баа берилет.

- тематикалардын баардык топтору боюнча баалардын баардык топторунун орточо арифметикалык баасы эсептелип чыгарылат. Натыйжада, издеп жаткан индикатордун сандык мааниси чыгарылат. Индикатордун бул өлчөмү ар бир тематиканы баалоого мүмкүндүк берет.

3) Кээ бир индикаторлорду аныктоо үчүн маалыматтардын чоң көлөмүн иштеп чыгууну талап кылышы мүмкүн. Ошондуктан, айрым учурларда алардын бир бөлүгүн гана карап чыгуу, т.а. айрым тандоо жетиштүү болот. Бул үчүн мындай тандоонун репрезентативдүүлүгүн камсыз кылып, атайын тандоодон алынган натыйжаларды бүт жыйындыга жайылтууга мүмкүндүк түзүү зарыл. Мындай учурларда статистиканын белгилүү ыкмаларын колдонуу керек.

Зарыл болгондо, индикаторлордун жана аларды түзгөн көрсөткүчтөрдүн кээ бир статистикалык мүнөздөмөлөрүн да эсептеп чыгуу мүмкүн: алардын өзгөрүү (же таралуу) деңгээлин, алардын байланышуу (же корреляциялоо) деңгээлин ж.б.

Маалыматтарды талдоо – окутуу системасынын максаттарына жана милдеттерине жетүү деңгээлин аныктоого багытталышы керек, анын ичинде ченемдик тапшырмалардан же пландык көрсөткүчтөрүнөн айырмаланышы. Бул айырмаларды тамырлуу көрсөткүчтөрдүн мааниси жана алардын динамикасы, ачыкка чыгарылган көз карандылар жана тенденциялар, ошондой эле аларга таасир эткен негизги факторлор чагылдырат.

17. Өткөрүлгөн мониторингдин натыйжалары ар кварталдык жана жыйынтыктоочу отчет түрүндө тапшырылат.

18. Өткөрүлгөн мониторингдер жөнүндө баардык материалдар системалаштырылат жана маалыматтык базаны түзүү үчүн МККда сакталат.

**1-тиркеме. 2014-2017-жылдарга окутуу системасын өнүктүрүүнүн программасын жүзөгө ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн индикаторлору**

| |
|---|
| **1-маселе. Окутуу системасын ченемдик укуктук камсыздоо.** |
| 1. Окутуу системасын уюштурууну жана башкарууну белгилеген ченемдик |

| |
|---|
| укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 2. Окутуунун түрлөрүн, формаларын жана программаларын белгилеген ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 3. Окутуудан өткөндүгү жөнүндө документтерди жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 4. Окутууга болгон талапты аныктоо тартибин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 5. Окутууга Мамзаказды түзүү, жайгаштыруу жана аткаруу тартибин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, %, саны (атап чыгыңыз). |
| 6. Окутууга Мамзаказды каржылоо тартибин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 7. Окутуу наркынын нормативдерин белгилеген ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 8. Окутуу системасынын натыйжалуулугун баалоону жана мониторинг жүргүзүүнү белгилеген ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 9. Окутуунун статистикалык отчеттуулугунун бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 10. Окутуучулардын эмгек акысын жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 11. Аттестация, ишин баалоо, административдик кызмат орундарын ээлөө үчүн конкурстук тандоо учурунда окутулгандыгы жөнүндө документти көрсөткөн кызматчыларга артыкчылыктарды белгилеген ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, саны (атап чыгыңыз). |
| 12. Кызматка биринчи жолу кирген, кадрлар резервине киргизилген адамдардын квалификациясын жогорулатууга талаптарды койгон ченемдик укуктук актылардын бар болушу. Ооба/жок, ӨЭУнун саны. |
| **2-маселе. Башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү** |
| 1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан окутууга Мамзаказды өз учурунда бекитүү жана каржылоо. Ооба/жок, каражаттардын көлөмү, млн. сом менен, жана окутулгандардын саны, жылдар боюнча |
| 2. Конкурс аркылуу Мамзаказды жайгаштыруу. Ооба/жок, каражаттардын көлөмү млн. сом менен, жана окутулгандардын саны, жылдар боюнча. |
| 3. Окутуу чөйрөсүндөгү донордук жардамды координациялоо жана чет өлкөлүк окутуу программаларына МККнын катышуусу. Ооба/жок,жолугушуулардын саны жана окутулгандардын саны, жылдар боюнча. |
| 4. Окутуу системасына жарандык коомдун, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциацияларынын катышуулары. Ооба/жок, иш-чаралардын саны жана окутулгандардын саны, жылдар боюнча. |
| 5. Окутуу системасына туруктуу түрдө мониторинг жүргүзүү, буга |

| |
|---|
| ведомстволук жана чет өлкөлүк окутуу программалары да кирет. Ооба/жок, отчеттордун саны, жылдар боюнча. |
| 6. Окутуунун натыйжалуулугун баалоонун туруктуулугу. Ооба/жок. |
| 7. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кадр кызматтарынын жооптуу адамдарынын окутууга болгон талаптарды изилдөөгө жана Мамзаказ жана окутуунун ведомстволук программалары боюнча окутууга заявкаларды берүүгө, ошондой эле окутуу процессин уюштурууга катышуу. Ооба/жок, үлүшү, пайыз менен. |
| **3-маселе. Окутуу системасынын институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө.** |
| 1. Билим берүүчү мекемелердин түйүнүнүн бар болушу. Алардын саны жана курамы, жылдар боюнча. |
| 2. Чөлкөмдүк ББУдын Мамзаказды жүзөгө ашырууга катышуу. Ооба/жок,алардын саны, жылдар боюнча. |
| 3. Конкурстарды өткөрүү аркылуу окутуу системасы үчүн тейлөө көрсөтүү. Ооба/жок, саны жана көлөмү, миң сом менен, жылдар боюнча. |
| **4-маселе. Окутуу ыкмаларын жаңыртуу.** |
| 1. Окутуунун эки түрүн тажрыйбада колдонуу – кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу. Алардын саны жана салыштырмалуулугу,пайыз менен, жылдар боюнча. |
| 2. Окутуунун эки түрүн тажрыйбада колдонуу – салттуу түрдөгү аудиториялык жана дистанциондук. Алардын саны жана салыштырмалуулугу, пайыз менен, жылдар боюнча. |
| 3. Кызматчылардын мамлекеттик үлгүдөгү документ менен тастыкталган окутуудан өтүүсү. Ооба/жок, алардын саны жана үлүшү, пайыз менен, жылдар боюнча. |
| 4. Мамзаказ боюнча кайра даярдоо программалардан өткөн кызматчыларды МККнын Тестирлөө борборунда жыйынтыктоочу текшерүүдөн өткөрүү. Ооба/жок, алардын саны жана үлүшү, пайыз менен, жылдар боюнча. |
| 5. Окутулган кызматчыларды МККнын АРБМС бөлүмүнө киргизүү. Ооба/жок, алардын саны жана үлүшү, пайыз менен, жылдар боюнча. |
| **5-маселе. Тийиштүү ресурстук камсыздоонун туруктуу механизмин түзүү.** |
| 1. Окутууга Мамзаказды түзүүдө инфляцияны эске алуу менен окутуу наркынын эсептөө нормативдерин колдонуу. Ооба/жок. |
| 2. Окутуунун жалпы багыттарын, ошондой эле окутуу системасынын кадрдык, илимий жана окуу-методикалык жактан камсыз кылуу үчүн МККнын бюджетинде финансылык каражаттарды өзүнчө сап менен бөлүү. Ооба/жок,каражаттардын көлөмү, млн. сом менен, жылдар боюнча. |
| 3. Окутуунун ведомстволук багыттарын камсыз кылуу максатында мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн финансылык каражаттарды өзүнчө сап менен бөлүү. Ооба/жок, млн. |

| |
|---|
| сом, жылдар боюнча. |
| 4. Окутуучулардын жана эксперттердин окутуунун атайын программаларын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу. Ооба/жок, программалардын жана иш-чаралардын саны, жылдар боюнча. |
| 5. Окутуучулардын жана эксперттердин кызыктыруусун жогорулаткан эмгек акы төлөө системаны киргизүү. Ооба/жок. |
| 6. Окутуучуларды жана эксперттерди сертификациялоону киргизүү. Ооба/жок, сертификацияланган окутуучулардын жана тренерлердин саны, жылдар боюнча. |
| 7. Илимий изилдөөлөрдүн өткөрүлүшүн Мамзаказдын чегинде бюджеттик каржылоо. Ооба/жок, млн. сом, жылдар боюнча. |
| 8. Изилдөөлөргө заказды конкурс аркылуу жайгаштыруу. Ооба/жок, млн. сом же жылдар боюнча бюджеттеги үлүшү. |
| 9. Окутуу системасынын маселелерине арналган илимий-тажрыйбалыкконференцияларды, семинарларды жана башка иш-чараларды өткөрүү. Ооба/жок, иш-чаралардын түрлөрү боюнча алардын саны, жылдар боюнча. |
| 10. Кызмат орундарынын ар башка топтору жана кызматка биринчи жолу кирген адамдар үчүн, ошондой эле окутуунун түрлөрү, формалары жана багыттары боюнча бирдейлештирилген программаларды иштеп чыгуу. Ооба/жок, окутуунун түрлөрү, формалары жана багыты боюнча алардын саны. |
| 11. Дистанциялык окутуунун программалары үчүн окуу модулдарын иштеп чыгуу. Ооба/жок, окутуунун түрлөрү, формалары жана багыты боюнча алардын саны. |
| 12. Окутуу системасынын окуу-методикалык ресурстук борборун түзүү. Ооба/жок. |

**2-тиркеме. Окутууга Мамлекеттик заказды жүзөгө ашырууга мониторинг**

**жүргүзүүнүн индикаторлору**

| Индикатордун аталышы | Өлчөө бирдиги | Маалымат-тардын булагы | Маалымат-тардычогултуу ыкмасы |
|---|---|---|---|
| **1. Мамлекеттик заказды аткаруу жөнүндө негизги маалыматтар** | | | |
| 1. Окутулган кызматчылардын жалпы саны, | миң адам, % | ББУ | Отчеттор |

| | | | |
|---|---|---|---|
| анын ичинде пландыаткаруу даражасы | | | |
| 2. Мамзаказ боюнча МКК тарабынан сарпталган каражаттардын көлөмү, анын ичинде факт/план:<br><br>окутууга,<br><br>илимий-методикалык, окуу-методикалык жана маалыматтык-талдоо иштерге,<br><br>мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого. | млн. сом, % | МКК | Отчеттор |
| **2. Окутууга Мамзаказды жайгаштыруу** | | | |
| 1. Мамзаказды аткарган уюмдардын саны, бирдик,анын ичинде:<br>а) ЖОЖдор;<br>б) ведомстволук окуу борборлору;<br>в) коомдук уюмдар. | бирдик | МКК | Отчеттор |
| 2. Конкурс боюнча жайгаштырылган каражаттардын көлөмү,анын ичинде:<br>г) ЖОЖдордун;<br>д) ведомстволук окуу борборлорунун;<br>е) коомдук уюмдардын арасында. | млн. сом,<br><br>% | МКК | Отчеттор |
| **3. Окутууну уюштуруу жана өткөрүү** | | | |
| 1. Окуу пландары, окуу-тематикалык пландары жанаокуу программа менен камсыздуулук | % | ББУ | Текшерүү отчеттору |
| 2. Окуу регламенттерин сактоо | % | ББУ | Текшерүү отчеттору |
| 3. Дистанциялыктехнологияларды колдонуу(окутуунун түрлөрү боюнча) | темалардын же окутулгандардын % | ББУ | Текшерүү отчеттору |
| 4. Окутуу процессин уюштуруу | %, баллдар | ГМС, | Анк. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| деңгээли | | ББУ | |
| **4. Окутууну окуу-методикалык камсыздоо** | | | |
| 1. Бирдейлештирилген окуумодулдарынын бар болушу | бирдик, % | ББУ | Текшерүү отчеттору |
| 2. Таратуучуматериалдарынын сапаты жана пайдалуулугу | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| 3. Окутууну материалдык-техникалык камсыздоо деңгээли | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| **5. Окутууну кадрдык камсыздоо** | | | |
| 1. Окутуучулар курамы, жалпы саны, анын ичинде:<br>а) илимдердин докторлору жана профессорлор,<br>б) илимдердинкандидаттары жанадоценттер,<br>в) жетекчилер жана адистер | адам,<br>%<br>%<br>% | ББУ | Отчеттор |
| 1. Окутуучулар тарабынан окутуу темаларынын маселелерин билүү | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| 2. Окутуунун сапаты жана өнөрчүлүгү | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| 3. Окуучулардын окутууформалары жана ыкмалары менен ыраазы болгондугу | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| **6. Окутуунун натыйжалары** | | | |
| 1. Алынган билимдин жана ыкмалардын кызмат орунунун талаптарына шайкеш келгендиги | %, баллдар | ГМС, ББУ | Опрос |
| 2. Окуу материалын өздөштүрүү деңгээли | %, баллдар | ГМС, ББУ | Тестир. |
| 3. Алынган билимдин жана ыкмалардын практикада колдонуу деңгээли | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| 4. Алынган билимдин жаңычылдыгы жана актуалдуулугу | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| 5. Окутуунун практикадагы маселелерди чечүүгө багытталышы | %, баллдар | ГМС, ББУ | Анк. |
| **7. Окутуунун натыйжасынын пайдалуулугу** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. Алынган билимди жана ыкмаларды практикада колдонуу | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 2. Окутуунун эмгектин сапатына жана өндүрүмдүүлүктүн өсүүсүнө тийгизген таасири | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 3. Өзүнүн милдеттерине мамиле кылуунун өзгөрүлүшү | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 4. Окутуунун кесиптик сапаттарды өнүктүрүүгө тийгизген таасири | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 5. Ишмердиктин натыйжалуулугуна баа берүү көрсөткүчтөрүнүн жакшырышы | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| **8. Окутуунун натыйжалуулугу** | | | |
| 1. Окутуу натыйжаларынын бөлүмчөнүн же бийлик органынын талаптарына, максаттарына жана милдеттерине шайкеш келүүсү | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 2. Окутулган адамдын бөлүмчөнүн же бийлик органынын иштеги натыйжаларынын жогорулашына кошкон салымы | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 3. Окутулган адам тарабынан киргизилгенидеялардын жана сунуштардын баалуулугу | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 4. Алынган билимди, ыкмаларды кесиптештерге өткөрүп берүү жана окууматериалдарын таратуу | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |
| 5. Кызматчынын кесиптик өнүгүүсү жана кадрдык потенциалын жогорулатуу үчүн окутууга сарпталган чыгымдардын акталгандыгы | %, баллдар | Жет. | Анк., Интер. |

Кыскартуулар:
Жет. – окутуу курстарынан өткөн мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын түздөн-түз жетекчилери,
ББУ – Мамзаказды ишке ашырып жаткан билим берүүчү уюмдар.
Анк. - анкета аркылуу.

Интер. – интервью алуу.
Тестиров. – тестирлөө.

## 3-тиркеме. Окутуу курстарына катышкан адамга сурап-билүү жүргүзүүнүн анкетасы

(типтүү сурап-билүү баракчасы)

ФАА:_________________________________________________________________
_

Кызмат орду жана иштеген жайы:_______________________________________
Өтүлгөн окуу курсунун аталышы_______________________________________

Өткөрүлгөн датасы: _________ Өткөрүлгөн жайы:_________________________

Окутууну өткөргөн уюм: _______________________________________________

Урматтуу кесиптеш!

Сизден, сунуш кылынган суроолорго 5-баллдуу шкала боюнча жооп берип, окутуунун бул курсуна баа берүүнү өтүнөбүз, мында 1 – эң төмөн баага барабар, ал эми 5 – эң жогорку баага барабар. Жообуңузду тегеректеп коюңузду суранабыз.

Сиз суроолорго комментарий берсеңиз, ыраазы болобуз. Бул маалыматтар окуу программалардын мазмунун жана анын өткөрүлүшүн уюштурулушун жакшыртууга пайда алып келет.

1. Сиздин ишиңиз үчүн бул окуу курсунун пайдалуулугу: 1 2 3 4 5
2. Алынган билимдин жана ыкмалардын жаңычылдыгы жана актуалдуулугу:
   1 2 3 4 5
3. Таратуучу материалдардын сапаты жана пайдалуулугу: 1 2 3 4 5
4. Окуу курсу өз максаттарына жана милдеттерине канчалык деңгээлде жетти:
   1 2 3 4 5
5. Окутуунун жеке Сиз үчүн негизги натыйжасын баяндап бериңизчи_________________________________________________________
_____________________________________________________________________
______________

6. Сабактар менин кызмат орунумдагы талаптарыма туура келди: 1 2 3 4 5

7. Алынган билимдин жана ыкмалардын практикада колдонуу: 1 2 3 4 5

8. Окутуунун практикалык маселелерди чечүүгө багытталгандыгы: 1 2 3 4 5

9. Окуу программаларынын мазмунун жакшыртуу үчүн кандай сунуштарды бере аласыз:

______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
____

10. Окутууну уюштурууну жана өткөрүүнү жалпы баалоо: 1 2 3 4 5

11. Окутууда колдонулган формаларды жана ыкмаларды баалоо: 1 2 3 4 5

12. Окутуучу тарабынан окуу темаларынын маселерин билүү: 1 2 3 4 5

13. Окутуунун сапатын жана өнөрчүлүгүн баалоо: 1 2 3 4 5

14. Окуу курсун уюштуруу жана өткөрүү боюнча Сиздин эскертүүлөрүңүз жана сунуштарыңыз:_____________________________________________________
_

______________________________________________________________________
__

Дата ______________

Колтамга____________

Рахмат! Ийгиликтерди каалайбыз!

**4-тиркеме. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды Мамлекеттик заказ боюнча окутуу курсун өткөрүү жөнүндө отчеттун формасы**

(ар бир топтун окуусу аяктагандан кийин бир жуманын ичинде МККга тапшырылат)

## I. Маалымдоо бөлүгү

1. Окутуу курсунун аталышы: ________________________________________
2. Узактыгы:______ саат (темаларды жана сааттарын көрсөтүү менен программаны тиркеңиз)
3. Окутулган мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын категориясы: __________________ (тизмени тиркеңиз).
4. Өткөрүү датасы: _____ тартып _______ чейин. Өткөрүү жайы: _______
5. Окутууну өткөргөн уюм:____________________________________________
6. Окутуучунун ФАА: __________________________________, анын илимий наамы жана даражасы_____________________________________________
7. Окутуучунун иштеген жайы:_____________________________________

## II. Окутуунун натыйжасы

1. Окутуу башталган жана аяктаган учурга карата топто окутулган адамдардын саны: ______/_______
2. Кирүү жана чыгуу тестирлөөнүн натыйжалары: (таблица түрүндө тиркеңиз)
3. Сурап-билүүнүн натыйжалары: (жыйынтыктоочу таблицаны тиркеңиз)
4. Экзамендин баасы:___________

## III. Корутунду

1. Окутуунун өткөрүлгөн курсу боюнча эскертүүлөр__________________
_________________________________________________________________
_________________________________________________________________

2. Окутууну жакшыртуу боюнча сунуштар________________________________________________________
_________________________________________________________________
_________________________________________________________________

Окутуу курстарын уюштуруучунун ФАА:

Колтамгасы:

Дата:

**5-тиркеме. Окутуунун натыйжалуулугун баалоо анкетасы**

(типтүү сурап-билүү баракчасы)

Мамлекеттик органдын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдын аталышы

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

Окутулган кызматчынын ФАА жана кызмат оруну _________________________

______________________________________________________________________

Окуу теманын (курсунун) аталышы_______________________________________

______________________________________________________________________

Окутуунун датасы _____________ Өткөрүү жайы __________________________

Окутууну өткөргөн уюм:_________________________________________________

______________________________________________________________________

Сизден, сунуш кылынган суроолорго 5-баллдуу шкала боюнча жооп берип, кызматчыны окутуунун натыйжалуулугуна баа берүүнү өтүнөбүз, мында 1 – эң төмөн баага барабар, ал эми 5 – эң жогорку баага барабар. Жообуңузду тегеректеп коюңузду суранабыз.

Сиз суроолорго комментарий берсеңиз, ыраазы болобуз. Бул маалыматтар окуу программалардын мазмунун жана анын өткөрүлүшүн уюштурулушун жакшыртууга пайда алып келет.

1. Алынган билимди жана ыкмаларды практикада колдонуу: 1 2 3 4 5

2. Окутуунун эмгектин сапатына жана өндүрүмдүүлүгүнө тийгизген таасири:

1 2 3 4 5

3. Өз милдеттерине мамиле кылуудагы өзгөрүүлөр:    1 2 3 4 5

4. Окутуунун кесиптик сапатын өнүктүрүүгө тийгизген таасири: 1 2 3 4 5

5. Иштин натыйжалуулугун баалоонун көрсөткүчтөрүнүн жакшырышы:

1 2 3 4 5

6. Окутуунун жеке кызматчы үчүн негизги натыйжасын баяндап бериңизчи

___________________________________________________________________________

___________________________________________________________________________

7. Өз милдеттерин аткаруу үчүн кызматчыга дагы кандай билимдер жана ыкмалар
керек:_______________________________________________________

___________________________________________________________________________

___________________________________________________________________________

8. Окутуунун натыйжаларынын бөлүмчөнүн жана бийлик органынын талаптарына, максаттарына жана милдеттерине шайкеш келүүсү:

1 2 3 4 5

9. Окутулган адамдын бөлүмчөнүн жана бийлик органынын ишинин натыйжаларын жакшыртууга кошкон салымы: 1 2 3 4 5

10. Окутулган адам тарабынан киргизилген идеялардын жана сунуштардын баалуулугу:    1 2 3 4 5

11. Алынган билимди, ыкмаларды кесиптештерге өткөрүп берүү жана окуу материалдарын таратуу :    1 2 3 4 5

12. Кызматчынын кесиптик өнүгүүсү жана кадрдык потенциалын жогорулатуу үчүн окутууга сарпталган чыгымдардын акталгандыгы: 1 2 3 4 5

13. Окутууну уюштуруу боюнча Сиздин сунуштарыңыз:___________________

___________________________________________________________________________

___________________________________________________________________________

Дата ______________

Колтамга____________

Катышкандыгыңыз үчүн рахмат!